**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ЗДРАВООХРАНЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК

# ПРИКАЗ

28.07.2023 № 915

**Бишкек ш.**
**г.Бишкек**

«Өлкөнүн ҮП-2030 стратегиясын ишке ашыруу боюнча милдеттенмесинин алкагында Консультативдик кеңештин курамын бекитүү жөнүндө»

Үй-бүлөнү пландоо-2030 (мындан ары ҮП-2030) стратегиясын ишке ашыруу, адамдардын үй-бүлөнү пландаштыруу кызматтарына, анын ичинде контрацептивдерге жетүү укуктарын камсыз кылууда прогрессти илгерилетүү жана кардардын керектөөлөрүн канааттандыруу максатында, буйрук кылам:

1.Тиркемелер бекитилсин:

- Кыргыз Республикасынын ҮП-2030 программасынын алкагындагы Милдеттенмелери боюнча иш-чаралардын планы (1-тиркеме).
- Үй-бүлөнү пландоо боюнча Консультативдик Кеңештин ҮП2030 техникалык тапшырмасы жана курамы (2-тиркеме).
- ҮП-2030 программасынын алкагында координаторлордун курамы (3-тиркеме).
- Үй-бүлөнү пландаштыруу боюнча консультативдик кеңештин отурумунун программасы (4-тиркеме).

2. МЖҮжДСБнын начальниги (Н. С. Ибраева) 2023-жылдын 31-июлунда Бишкек шаарында Үй-бүлөнү пландаштыруу- 2030 Консультативдик кеңешинин отурумун уюштурууну жана өткөрүүнү камсыз кылсын.
3. ҮП-2030 стратегиясы боюнча иш-чаралардын аткарылышынын жоопкерчилиги МЖҮжДСБнын башкы адиске (Ч.Б.Азылбашева) жүктөлсүн.
4. КР ССМнын 2019-жылдын 24-апрелиндеги № 276 көрсөтмөсү күчүн жоготту деп табылсын.
5. Бул буйруктун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

Министрдин орун басары [illegible]ков

**«Өлкөнүн ҮП-2030 стратегиясын ишке ашыруу боюнча милдеттенмесинин алкагында Консультативдик кеңештин курамын бекитүү жөнүндө»**
**буйругуна макулдашуу барагы**

**Буйруктун долбоорун даярдаган МЖУжДСБ:**

МЖУжДСБнын начальниги — Н. С. Ибраева

**Аткаруучу:**

МЖУжДСБнын башкы адиси — Р. Б. Асылбашева

**Макулдашылды:**

Министрдин орун басары — Т. А. Мамадалиев

Министрдин орун басары — У. А. Садыков

АРИКЖжУКБнын начальниги — Э. К. Боронбаева

АРИКЖжУКБ башкы адиси — А. С. Сейитказиев

АРИКЖжУКБ жетектөөчү адиси (лингвист-эксперт) — Э.М. Джелденбаева

1-тиркеме
КР ССМнын
2023-ж. «___» __________
№____буйругуна

**«Үй-бүлөнү пландоо 2030» программасынын алкагындагы**
**Кыргыз Республикасынын Милдеттенмелери боюнча иш-чаралардын планы 2023-2025-ж. карата.**

МАКСАТТУУ БИЛДИРҮҮ:

Клиникалык протоколдорду жана колдонмолорду иштеп чыгуу жана жайылтуу, бардык кардарларга ҮП боюнча төрөттөн кийинки жана аборттон кийинки консультацияларды жана ыктыярдуу контрацепцияларды берүү, жеке менчик саламаттык сактоо уюмдарын тартуу аркылуу ҮП (төрөттөн кийинки жана аборттон кийинки үй-бүлөнү пландаштыруу) боюнча кызматтардын сапатын жогорулатуу.

| № | Тапшырмалар | Иш-чаралар | Мөөнөттөр | Аткаруучу тарап | Жыйынтык жана таасир этүү индикатору |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Аборттон кийин үй-бүлөнү пландоо боюнча клиникалык колдонмо (мындан ары текстте КК) иштеп чыгуу.** | 1. Жумушчу топту түзүү (мындан ары текстте ЖТ)<br>2. Иштеп чыгуу жана бекитүү.<br>3. Тиражга чыгаруу<br>4. Ишке ашыруу жана мониторинг | март 2025 жыл. | КР ССМ<br>МЖУжДСБ<br>КММКДжАЖИ<br>КММА<br>ЮНФПА<br>КҮПА<br>Медициналык ассоциациялар<br>ЭжБКУБ<br>ММКФ | 1. Иштелип чыккан жана бекитилген клиникалык колдонмолор<br>2. Окутуудан өткөн медициналык кызматкерлердин саны.<br>3. Мониторинг боюнча отчеттордун саны.<br>4. Аборттон кийин контрацепция боюнча кеңеш алган аялдардын саны<br>5. Отчеттук жылда бойдон алдыруулардын жыштыгы. |
| 2 | **Төрөттөн кийин үй-бүлөнү пландоо боюнча клиникалык** | 1. ЖТ түзүү<br>2. КК иштеп чыгуу жана бекитүү.<br>3. Тиражга чыгаруу таркатуу | март 2025 жыл | КР ССМ<br>МЖУжДСБ<br>КММКДжАЖИ<br>КММА<br>ЮНФПА | 1. Иштелип чыккан жана бекитилген клиникалык колдонмолор. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **колдонмо иштеп чыгуу.** | 4. Ишке ашыруу жана мониторинг иштелип чыккан мониторинг куралы менен<br>4.1 Жаңы клиникалык протоколдор/клиникалык колдонмолор боюнча салттуу жана дистанттык курстарды иштеп чыгуу<br>5. № 14 жана № 12 отчеттуулук формаларына өзгөртүүлөр (Контрацептивдерди колдонуу жана сунуштар боюнча маалымат кошуу). | | КҮПА<br>Медициналык ассоциациялар<br>ЭжБКУБ<br>ММКФ | 2. Окутуудан өткөн медициналык кызматкерлердин саны.<br>3. Төрөттөн кийинки контрацептивдик кеңеш алган аялдардын саны<br>4. Төрөттөн кийин спираль, ДСУ жана имплантгарды орноткон аялдардын үлүшү.<br>5. Мониторинг боюнча отчеттордун саны. |
| 3 | **Жеке саламаттык сактоо мекемелеринде төрөттөн кийинки жана аборттон кийинки үй-бүлөнү пландаштыруу кызматтарынын жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу үчүн жеке саламаттык сактоо сектору менен иштөө** | 1. Төрөттөн кийинки жана аборттон кийинки ҮП боюнча клиникалык көрсөтмөлөр жана клиникалык протоколдор боюнча медициналык адистердин потенциалын жогорулатуу;<br>2.Сертификация<br>3. УЧА аркылуу лицензиялоо жана мониторинг жүргүзүү механизмин жана инструментин иштеп чыгуу<br>4. Электрондук документацияны киргизүү жана өркүндөтүү. | Июлдан тартып 2025 -ж. Туруктуу түрдө | КР ССМ, ЭСБ, КММКДжАЖИ, КМА | Жеке сектордун окутулган өкүлдөрүнүн саны.<br><br>Даярдалган адистери бар жеке секторлордун саны. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 4 | Мамлекеттик бюджеттин эсебинен сатылып алынган контрацептивдик жеткирүү чынжырын, башкаруунун ачыктыгын өнүктүрүү жана өркүндөтүү, жана территориялык-экономикалык жактан камсыз кылуу. Бейтаптар / керектөөчүлөр үчүн 2030-жылга чейин санариптик технологияларды колдонуу менен контрацептивдердин ар кандай түрлөрүнүн жеткилитүү болушу, жана аларды колдонуу. | 1. Жеткирүү чынжыры жана логистикалык башкаруунун маалыматтык системасы (мындан ары - ЖЧжЛБМС) боюнча укуктук ченемдик актылар боюнча (мындан ары - УЧА) кырдаалды талдоо, кошумча. УЧА/Стратегияны/жөнгө салуу жагдайы боюнча жеткирүү чынжырын башкаруунун маалыматтык системасы боюнча ченемдик документти иштеп чыгуу. | Декабрь 2023ж. | ДКжМБД; | 1. Иштеп чыккан документ / УЧА. |
| | | 2. Дарылар жана медициналык буюмдар боюнча электрондук маалыматтар базасынын маалыматтык системасына интеграциялоону камтыган жеткирүү чынжырын долбоорлоо. | Февраль 2024ж. | ДКжМБД; ЭСБ | 2. Жеткирүү чынжырын ишке ашыруу боюнча колдонмо пилоттук колдонууга даяр. |
| | | 3. Пилоттук аймактардын деңгээлинде жеткирүү чынжырын башкаруунун улуттук маалыматтык системасын пилоттук түрдө өткөрүү, жана бул | 2-квартал 2024ж. | ДКжМБД; ЭСБ жумушчу топ (көп секторлодон турган курам). ЖТ | 3. Жеткирүү чынжырынын маалыматтык системасы пилоттук режимде өткөрүлдү, алынган натыйжалар, кайтарым байланыштарды жана түзөтүүлөрдү эске алуу |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | иш-чараны отурумда талкулоо жана көрсөтүү.<br><br>4. Жаңы контрацептивдерди камтуу үчүн ЖМДКТсин карап чыгуу/жаңыртуу/кеңейтүү<br><br>5. Медициналык-социалдык тобокелдик тобунан РЖА үчүн контрацептивдерди мамлекеттик сатып алуу боюнча 7 жылдык планды иштеп чыгуу.<br><br>6. Жогорку медициналык-социалдык тобокелдик топторундагы аялдардын 60% эненин ден соолугуна болгон муктаждыктарын канааттандыруу үчүн мамлекеттик каржылоону көбөйтүү үчүн чечим кабыл алуучулар үчүн инфографикаларды берүү менен сатып алуулардын 7 жылдык планын берүү боюнча тегерек стол өткөрүү. | <br><br><br>2-квартал 2024ж.<br><br><br>4-квартал 2023ж.<br><br><br>4-квартал 2023ж. | КР ССМ<br>ЮНФПА | менен, сапатты көзөмөлдөө системасын киргизүү.<br><br>4. ЖМДКТси жаңырып каралып чыкты ККдын тизмеси кеңейтилди.<br><br>5. Мамлекеттик сатып алуулардын 7 жылдык планы түзүлдү.<br><br>6. Чечим кабыл алуучулар үчүн сатып алуулардын 7 жылдык планы боюнча маалымат берилди. |
| 5 | 14-18 жаштагы өспүрүмдөрдүн ҮП жана СРД маселелери боюнча | 1 Жаштар үчүн 2030-жылга чейинки коммуникация планын түзүүгө катышуу ҮП жана СРДка байланышкан | 4-квартал 2025ж. | КР ССМ РДЧжМКБ<br>КР ББжИМ<br>КР ЭСКжММ<br>КР ММСжЖСМ | 18-19 жаштагы өспүрүмдөр арасында төрөлүүнү азайтуу. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | маалымдуулугун жогорулатуу. | планын иштеп чыгуу боюнча секторлор аралык жумушчу тобу.<br><br>2. Пландын аткарылышынын жүрүшүнө жана көрсөткүчтөргө жетишүүгө жылдык баа берүү<br><br>3. Өспүрүмдөр боюнча маалыматтарды чогултууну секторлор боюнча баалоо (саламаттык сактоо, билим берүү, миграция ж.б.).<br><br>4. Маалыматтарды чогултууну жакшыртуу боюнча секторлор аралык жумушчу топту түзүү, артыкчылык түрдө Улутстатком жана СДБ тарабынан.<br><br>5. Улутстатком жана СДБ бирдикте өспүрүмдөр арасында эсептин жана отчеттуулуктун формалары электрондук формаларын өнүктүрүү<br><br>6 Орус жана кыргыз тилдеринде орто билим | | | 18-19 жаштагы өспүрүмдөр арасында бойдон алдырууулардын санын азайтуу СДБ: Отчеттук форма 12 здрав, 13, 14).<br><br>РДЧжМКБ отчеттору максаттуу аудитория үчүн өткөрүлгөн тренинг/ сабактардын саны |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | берүү мекемесилеринде (мектептерде, колледждерде) милдеттүү тестирлөө менен компьютердик программаны түзүү | | | |

2-тиркеме
КР ССМнын
«___» __________ 2023-ж.
№____буйругуна

**Кыргыз Республикасынын Үй-бүлөнү пландоо Консультативдик Кеңеши 2030**

**МАКСАТЫ**

Үй-бүлөнү пландаштыруу боюнча консультациялык кеңеш 2030 (ҮПКК) үй-бүлөнү пландаштыруу мүмкүнчүлүгүн жакшыртуу жана кеңейтүү үчүн биргелешип иштеген уюмдардын тармагы, өзгөчө көңүл социалдык ден-соолукка, аз кирешелүү жана маргиналдашкан калкка багытталган. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин каржылык ресурстарды бөлүштүрүү жана тиешелүү саясатты ишке ашыруу аркылуу үй-бүлөнү пландаштыруу маселелерине биринчи кезекте көңүл буруусун камсыз кылуу үчүн КР ҮП-2030 боюнча кабыл алынган милдеттенмелерди өз убагында аткаруу ҮПККнин миссиясы болуп саналат. 2030-жылга чейинки жана андан кийинки мезгилге ҮП-2030 үчүн программалар. ҮПКК төмөнкү принциптердин негизинде иштейт: иш-аракеттердин ачыктыгы; чечимдерди жамааттык, эркин жана коомдук талкуулоо; теңдик, коллегиялуулук жана кызыкчылыктардын кагылышуусун болтурбоо.

**КЫЗМАТЫ**

ҮПКК - Кыргыз Республикасындагы үй-бүлөнү пландаштыруу боюнча өнөктөштөргө ҮП-2030 милдеттенмелери боюнча иш-аракеттерди тез, натыйжалуу жана практикалык түрдө пландаштырууга жана координациялоого мүмкүндүк берет.

Ошондой эле, ҮПКК сексуалдык репродуктивдүү ден соолук жана үй-бүлөнү пландаштыруу боюнча Кыргыз Республикасынын өнөктөштөрүнүн маалымат иштерин координациялоону жакшыртат.

ҮПКК ҮП-2030 милдеттенмелерин аткарууга багытталган иш-чаралардын аткарылышын көзөмөлдөйт.

**Тажрыйбалык баалуулугу:**

сексуалдык репродуктивдүү ден соолук жана үй-бүлөнү пландаштыруу маселелери боюнча иштеген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр, кесиптик уюмдар, бейөкмөт уюмдар жана жеке сектор менен байланышты камсыз кылуу боюнча көп секторлуу жумушчу топтун өкүлдөрүнөн турган орган болуп саналат;

- ҮП-2030 милдеттенмелерин аткаруу боюнча тез жана натыйжалуу чечимдерди кабыл алуу мүмкүнчүлүгү;
- маалымат менен бөлүшүү милдети.

**Катчы / Төрайым**

ҮП-2030 милдеттенмелер программасын ишке ашыруу мезгилине тандалып алынган. ҮПККнин төрайымы болуп Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Медициналык жардамды уюштуруу жана дары-дармек саясаты башкармалыгынын начальниги саналат. ҮПККнин катчысы – КР ССМ жана ҮП чөйрөсүндөгү адис – катчы административдик жана уюштуруучулук функцияларды аткарат.

**Төмөнкү милдеттер жүктөлөт:**

- жылдык жолугушууларды жана башка мезгилдүү консультативдик жолугушууларды чакыруу жарым жылда бир жолу өткөрүлөт жана зарылчылыкка жараша мүмкүн болот. жыйында карала турган маселелердин чөйрөсүн аныктайт.
- бардык мүчөлөр жамааттык чечимдерди кабыл алуу үчүн салым кошуусун камсыз кылуу үчүн чогулуштарды өткөрүү
- сунуштарды киргизүү. добуштарды эсепке алуу жана жыйынтыктарды жарыялоо
- КСПСтин атынан макулдашылган иш-чаралардын аткарылышын камсыз кылуу
- жалпыга маалымдоо каражаттары менен байланышта кармап турат;
- Консультативдик кеңештин ишин башкарууга тиешелүү башка функцияларды аткарат.

**Мүчөлүк Курам**

- Кеңеш каалаган убакта бир добуштан макулдугу менен жаңы мүчөнү кабыл алууну чечиши мүмкүн.
- Үюм төмөндөгү жагдайларда Кеңештин мүчөсү катары токтотулушу мүмкүн:
- Каалаган убакта ыктыярдуу түрдө
- Миссияны жана баалуулуктарды аткарбагандыгы үчүн мүчөлүктүн токтотулушу.
- ҮПККнин иши зарылчылыкка жараша, бирок жарым жылда бир жолудан кем эмес чакырылуучу жолугушуусу түрүндө өткөрүлөт. ҮПККнин жолугушуусу эгерде ага ҮПККнин мүчөлөрүнүн кеминде төрттөн үч бөлүгү катышса, укуктуу деп эсептелет.
- ҮПКΚтин чечими кеңештин катышкан мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат жана протокол менен таризделет. ҮПККтин жыйналышынын протоколуна төрайым жана катчы кол коюшат.
- ҮПККтин кезексиз отуруму кеңештин каалаган мүчөлөрүнүн сунушу боюнча чакырылышы мүмкүн, эгерде ҮПККтин мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүгү аны колдосо.
- ҮПККтин кезектеги жыйналышынын күн тартиби жана чечимдеринин (сунуштарынын) долбоорлору жыйналыш өткөрүлүүчү күнгө чейин бир жумадан кечиктирбестен ҮПККтин мүчөлөрүнө катчы тарабынан жөнөтүлөт. ҮПККтин чечимдери анын мүчөлөрүнүн үчтөн экисинин добушу менен кабыл алынат.

ҮП-2030 Стратегиясын ишке ашыруу боюнча Консультативдик кеңештин мүчөлөрүнүн курамы

| № | Ф.И.О. | Должность, организация | Контакты, почта |
|---|---|---|---|
| 1 | Ибраева Нургүл Сапаркуловна | КР ССМ МЖУжДСБнын начальниги, - Кеңештин төрайымы | nurgulibraeva@bk.ru 0772 370 123 |
| 2 | Чойбекова Эльмира Акылбековна | Акушер-гинеколог ЭжБКУБ - катчысы | 0708416002 elmira.choybekova.87@bk.ru |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3 | Асылбашева Раиса Бейшеналиевна | МЖУжДСБнын башкы адиси | r_asylbasheva@mz.med.kg<br>+996 709 331 147 |
| 4 | Раимбаева Айдай Аманбековна | КР ССМ каржы саясат башкармалыгынын начальниги | 0557 154 154<br>a_raimbaeva@mz.med.kg |
| 5 | Тургуналиева Асель | КР ССМнин Сатып алууларды уюштуруу бөлүмүнүн башчысы | 0 700 553 443<br>a_turgunalieva@mz.med.kg |
| 6 | Жумагулова Жылдыз Осмоналиевна | ДКжМБ Департаментинин фармакалогиялык көзөмөл жана жарнама бөлүмүнүн башчысы | z.jyldyz@mail.ru<br>0705 220 473 |
| 7 | Чумачок Виталий Анатолиевич | КР ССМне караштуу СДБ директору | 0555 334 302<br>chumachok@mail.ru |
| 8 | Осмонов Аман Жумабекович | КР ССМ Медициналык жана фармацевтикалык кызмат көрсөтүүлөрдү лицензиялоо секторунун башкы адиси | 0773 009 099<br>amanosm83@gmail.com |
| 9 | Исмаилов Исабек Зайлидинович | КР ССМне караштуу Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаментинин. Фармацевтикалык ишин уюштуруу жана дары-дармектер жана медициналык техника боюнча башкармалыгынын жетекчиси | ism-isa@mail.ru<br>+996 706 639 777<br>(только ватсап)<br>+996 709 639 777 |
| 10 | Бообекова Айгуль Абдрахмановна | КР ССМнин Медициналык кызматтын сапаты жана дары саясаты башкармалыгынын бөлүм башчысы | +996 550 780 065 |
| 11 | Оморова Жаркын | Декан, үй-бүлөлүк медицина факультети.<br>Кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу боюнча Кыргыз мамлекеттик медициналык институту КДжКЖбКММИ | +996 555 954 931 |
| 12 | Оскомбаева Клара Тургунбековна | Төрагасынын биринчи орун басары.<br>КР ССМге караштуу ММК фонду. | +996 555 332 323<br>+996 779 000 237<br>os.klara@mail.ru |
| 13 | Алтымышева Нурила Алмазбековна | Директор, КР ССМ караштуу Республикалык ден соолукту чыңдоо жана массалык коммуникация борбору | Altymysheva05@mail.ru<br>0555 052 777 |
| 14 | Насирова Венера | Программанын Координатору, Кыргыз үй бүлөнү пландоо альянсы | 0505 553 321<br>kaps00@mail.ru |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 15. | Фронтбек кызы Жамал | Директор "Мутакалим" аялдардын прогрессивдүү коомдук бирикмесинин | +996 555 186 565 Адрес: ул. Ден Сяопина, 354, 720046, Бишкек, Кыргызстан Тел.: +996 312 883-023, +996 555-622 092, Эл. Почта: ppaw.mutakalim@gmai |
| 16 | Чиркина Галина Эдуардовна | Директор, «Репродуктивдүү ден соолук үчүн альянс» коомдук бирикмесинин | chirkinag@gmail.com +996 772 344 556 |
| 17 | Темирова Нурия Атамкуловна | Директор, "Глобалдык өзгөртүү фонду" коомдук фондунун | 0552-227061, 0772-227061 nurutemirova@gmail.com |
| 18 | Илибезова Лариса | Директор, «Демократиялык процесстерди изилдөө борбору» коомдук фонду | 0550 559 800 info@crdp.asia |
| 19 | Кайназаров Бактыбек | Аткаруучу өкүлү. Кыргыз Республикасында Бириккен Улуттардын Уюмунун Калкты коргоо фондусунун | +996 772 030783 bkainazarov@unfpa.org |
| 20 | Мамажунусова Таалайгуль | Программанын менеджери. Кыргыз Республикасындагы Ага Хан Фондунун ден соолук жана тамактануу | taalaigul.mamazhunusova@akdn.org +996 778 432 544 |
| 21 | Нуршаим Тиленбаева | ДСУнун Кыргыз Республикасындагы Өкүлчүлүгү | tilenbaevan@who.int +996 551 343 493 |
| 22 | Аида Эстебесова | Миссиясынын өкүлү. Кыргыз Республикасындагы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агентиги (USAID). | aestebesova@usaid.gov 0770 770 209 |
| 23 | Асамбаева Чолпон | Программанын ( GIZ ) жетекчиси. Кыргыз Республикасындагы баштапкы медициналык-санитардык жардамды өнүктүрүү программасы | cholpon.asambaeva@giz.de +996 557 00 11 28 |
| 24 | Бакыт Сатыбеков | Кыргыз Республикасынын мамлекеттик каржылоо жана бюджеттик пландоо боюнча эксперти | B.satybekov@gmail.com +996 559 745 574 |
| 25 | Жылдыз Рахманова | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин Социалдык статистика бөлүмүнүн башчысы | +996 555 377 396 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| • | Гульхумар Абдуллаева | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин Демографиялык бөлүмүнүн башчысы | +996 550 999 815 |
| 26 | Боталиев Азат Амантурович | КР Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин кецешчиси | +996 772 551 550 botaliev@gmail.com |
| 27 | Тодогелдиев Бакыт Буронбаевич | КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин үй-бүлө жана балдар үчүн кызмат корсотуулорду онуктуруу башкармалыгынын жетекчиси. | +996 555 015 050 |
| 28 | Атамбаев Нурмухаммед Улукбекович | КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин Жаштар саясаты башкармалыгынын региондор менен иштөө болумунун башкы адиси | +996 708 052 916 Atambaev.n@gmail.com |
| 29 | Мухтарбек Арапбаевич Баймурзаев | КР Финансы министрлигинин социалдык чөйрөнүн чыгашаларын пландаштыруу башкармалыгынын начальниги(макулдашуу боюнча) | +996 550 700 344 mukhtarbek@mail.ru |
| 30 | | КР Билим берүү жана илим министрлиги (макулдашуу боюнча). | |
| 31 | | КР Мусулмандарынын Дин Башкармалыгынын окуулору (макулдашуу боюнча). | |

3-тиркеме
КР ССМнын
«___» __________ 2023-ж.
№____буйругуна

**ҮП-2030 боюнча Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин, жаштар уюмдарынын жана жарандык коом уюмдарынын координаторлорунун техникалык тапшырмасы**

**Координаторлордун ролу:** Координаторлор ҮП-2030 максаттарына КР тарабынан кабыл алынган милдеттенмелерди ишке ашырууда маанилүү өнөктөш катары кызмат кылышат. ҮП-2030 боюнча милдеттенме алган Кыргызстан эң аз дегенде жарандык коомдун, жаштардын, донордук коомчулуктун жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин (мындан ары КР ССМ) өкүлдөрүнөн турган ҮП-2030 координаторлорунун топторун түзүүгө жигердүү үндөйт. Координаторлор жарандардын репродуктивдүү ден соолук кызматтарын алуусу үчүн жарандардын укуктарын коргоо боюнча биргелешип иштешет.

**Координаторлор боюнча маалымат:**

**КР ССМ тарабынан координаторлор** ҮП-2030 программасынын алкагында өлкөдөгү координаторлор тобун жетектейт. Алар КР ССМ үй-бүлөнү пландаштыруу жаатындагы маселердин артыкчылыктарын жана келечегин үндөп, алдыга жылдырышат.

**Жарандык коом уюмдары тарабынан координаторлор** булар КР ССМне ҮП-2030 боюнча милдеттенмелерди аткаруу боюнча туруктуу колдоо көрсөтүшөт. Бул адамдар ар түрдүү фокус-топтук көз карашты камсыздайт, б.а. репродуктивдүү курактагы аялдар менен эркектер, жана өспүрүмдөр (максаттуу – группалар менен) өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө жараша иш алып барышат. Аларды көбүнчө үй-бүлөнү пландаштырууга түздөн-түз катышкан же үй-бүлөнү пландаштыруу менен тыгыз байланышкан тажрыйбалуу адистер жетектейт.

**Жаштар уюмдары тарабынан координаторлор** булар КР ССМги тарабынан ҮП-2030 боюнча милдеттенмелерди аткаруу боюнча тиешелүү көзөмөл жүргүзүшөт. Бул адамдар өздөрүнүн мүмкүнчүлүгүнө жараша жаштардын ар түрдүүлүгүнүн көз карашын камсыздайт жана адатта үй-бүлөнү пландаштырууга түздөн-түз катышкан же үй-бүлөнү пландаштыруу менен тыгыз байланышкан жаштар тарабынан жетектелишет.

**КР ССМги тарабынан координаторлордун функциялары:**

- ҮП-2030 милдеттенмелери боюнча КР ССМнин деңгээлинде зарыл иштерди алып баруу (тиешелүү кызыкдар тараптардын катышуусу менен ҮП-2030 алкагында зарыл маалыматты иштеп чыгуу, бекитүү, ишке киргизүү жана жайылтуу боюнча тиешелүү иш-чараларды жүргүзүү);
- Кыргызстандын ҮП-2030 боюнча милдеттенмелерине ылайык үй-бүлөнү пландаштыруу боюнча улуттук максаттарды жана артыкчылыктарды алга жылдыруу жолдорун талкуулоо жана аныктоо үчүн Координаторлордун үзгүлтүксүз жолугушууларына төрагалык кылуу;

- КР ССМинин милдеттенмелери расмий жарыялангандан кийин аткарылышынын жүрүшү жөнүндө жаңылыктар менен бөлүшүү, анын ичинде милдеттенмелер боюнча өз алдынча отчет берүү үчүн жылдык анкета;

- Кыргызстандын ҮП-2030 иши жана мүчөлүгү жана КР Саламаттык сактоо министрлигинин ҮП-2030 боюнча милдеттенмеси, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн башка тиешелүү негизги министрликтери жөнүндө негизги кызыкдар тараптардын маалымдуулугун жогорулатуу боюнча жигердүү иштөө;

- ҮП-2030 боюнча улуттук маалыматтарды талкуулоо жана шайкеш келтирүү үчүн жылдык семинарларга катышуу;

- Жаштар координаторлору менен өнөктөштүктө маанилүү колдоо көрсөтүү.

**Жарандык коом уюмдары тарабынан координаторлордун функциялары:**

- Фокус-топтун муктаждыктарына өзгөчө көңүл буруу менен ҮП-2030 боюнча КР ССМ милдеттенмелер боюнча ишине колдоо көрсөтүү;

- ҮП-2030 аймактык борбор тобу (байланыштуу адамдар менен), Координаторлор тобу жана фокус-топтун ортосунда эки тараптуу жана ачык маалымат алмашууга көмөктөшүү. Фокустук пункттар жана жарандык коом уюмдары, анын ичинде каржылоонун жетишсиздиги, ресурстардын кечиктирилиши жана агып кетиши, контрацепциянын чектелген тандоосу, көрсөтүлүүчү кызматтардын сапаты жана аялдардын укуктарынын жетишсиз корголушу сыяктуу милдеттенмелердин аткарылышына тоскоол боло турган маселелер боюнча иш алып баруу;

- Прогресстерди жана көйгөйлөрдү өз уюмунун алкагындагы өлкөнүн милдеттенмелери менен өз убагында бөлүшүү, анын ичинде кеңири фокус-группалык тармак, эки тараптуу жардам аркылуу үй-бүлөнү пландаштыруу үчүн жеткиликтүү ресурстар жана тематикалык фонддор жана кредиттөө каражаттары жөнүндө маалымат бөлүшүү;

- Саламаттык сактоо министрлигинин координаторлоруна техникалык жардамга же финансылык ресурстарга болгон муктаждыктарды аныктоодо, өзгөчө фокус-топко тиешелүү маселелерде жардам берүү;

-Ден соолук маселелерине тиешеси бар коомчулук менен иш алып баруу (мисалы, билим берүү, жаштар, гендердик, жеке сектор ж.б. жактар);

- Координаторлордун жолугушууларында жана пландоо талкуулордо жаштардын жана жарандык коомдун артыкчылыктарын позициялоо жана жактоо;

- Бар болгон структуралар менен анын ичинде, мисалы, ҮП коалицияларын, же ҮП боюнча техникалык жумушчу топтору менен туруктуу түрдө жолугушуу жана тиешелүү жаңылыктарды / маалыматтарды бөлүшүү;

- Прогресстеги тоскоолдуктарды жана ҮП маселелерин ишке ашырууну тездетүү мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо жана башка чет өлкөлүк Координаторлор менен жана кызыкчылык көз карашы туура келген тараптар менен иштешүү жана маалымат бөлүшүү;

- Эки жылда бир жолу маалыматтардын негизинде инфографиканы иштеп чыгууга көмөк көрсөтүү.

**Жаштар уюмдары тарабынан координаторлордун функциялары:**

- Өспүрүмдөрдүн жана жаштардын муктаждыктарына өзгөчө көңүл буруп, ҮП-2030 боюнча КР ССМинин кабыл алынган милдеттенмелери колдоо боюнча жигердүү иш алып баруу;

- ҮП-2030 аймактык борборунун командасы (байланыш пункттары менен), Координаторлор командасы жана жаштардын ортосунда ачык маалымат алмашууга көмөктөшүү. Фокустук пункттар менен жарандык коом уюмдарынын (анын ичинде жаштардын) ортосундагы эки тараптуу ачык байланышка көмөктөшүү, анын ичинде каржылоонун жетишсиздиги, ресурстардын кечиктирилиши жана агып кетиши, контрацептивдердин чектелген тандоосу, көрсөтүлүүчү кызматтардын сапаты жана жетишсиздиги сыяктуу милдеттенмелердин аткарылышына тоскоол боло турган маселелер боюнча талкуулоо. Ошондай эле аялдардын укуктарын коргоо боюнча иш жүргүзүү;

- Эки тараптуу жардам аркылуу үй-бүлөнү пландаштыруу үчүн жеткиликтүү ресурстар боюнча жаштардын кеңири тармагы, анын ичинде Кыргызстандын өзүнүн уюмундагы милдеттенмелери боюнча өз убагында жетишкен ийгиликтер жана көйгөйлөр менен бөлүшүү, тематикалык фонддор жана кредиттик мүмкүнчүлүктөр жөнүндө маалымат менен бөлүшүү;

- Өзгөчө көңүл бөлүү аркылуу өспүрүмдөр жана жаштар сыяктуу аярлуу топтордун техникалык жардамга же финансылык ресурстарга муктаждыктарын аныктоодо КР ССМнин координаторлоруна жардам берүү;

- Жаштарга жана башка жарандык уюдарга алар кантип ҮП-2030 милдеттенмелерин аткарууга өз салымын кошо ала тургандыгы боюнча маалымдуулукту жогорулатуу жана багыт берүү;

- Ден соолук маселелерине тиешеси бар коомчулук менен иш алып баруу (мисалы, билим берүү, жаштар, гендердик, жеке сектор ж.б. жактар);

- Координаторлордун жолугушууларында жана пландоо талкуулордо жаштардын жана жарандык коомдун артыкчылыктарын позициялоо жана жактоо;

- Өткөрүлүп жаткан изилдөөлөрдө жана ҮП маселеси боюнча кабыл алынган натыйжаларында жарандык коомдун жана жаштардын иш-аракеттеринин жана натыйжалары эске алынышын, ошондой эле КРсы тарабынан кабыл алынган милдеттенмелерде чагылдырылышын камсыз кылуу;

- Жарандык коомго жана жаштар коомчулугуна ҮП-2030 жаңыртуулары менен камсыз кылуу үчүн пландаштырылган жолугушууларга үзгүлтүксүз катышуу, бар болгон түзүмдөрдү, анын ичинде, мисалы, ҮП коалицияларын, ҮП техникалык жумушчу топторун ж.б. колдонуу менен, туруктуу түрдө жолугүшуу жана тиешелүү жаңылыктарды / маалыматтарды бөлүшүү;

- Прогресстеги тоскоолдуктарды жана ҮП маселелерин ишке ашырууну тездетүү мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо жана башка чет өлкөлүк Координаторлор менен жана кызыкчылык көз карашы туура келген тараптар менен иштешүү жана маалымат бөлүшүү;

- Эки жылда бир жолу маалыматтар боюнча инфографиканы иштеп чыгууга көмөк көрсөтүү;

- ҮП-2030 боюнча Кыргыз Республикасынын милдеттенмелери боюнча чечимдерди кабыл алуу процессинде координаторлор тобунун деңгээлинде дагы, улуттук деңгээлде дагы олуттуу добушка ээ.

**КР ССМ тарабынан координаторлордун профили**:

- КР ССМдан Координатор кызматына ҮП жана РД Энени коргоо маселелери боюнча министрликтин өкүлү жана ҮП боюнча Улуттук координатору гана дайындалышы мүмкүн. Бир негизги координатор жана тажрыйбалык жана логистикалык максаттар үчүн координатордун орун басары болот. Негизги координатор (КР ССМнын РД жана ҮПнын Энени коргоо маселелери боюнча өкүлү) Кыргыз Республикасы тарабынан кабыл алынган ҮП2030 милдеттенмелеринин аткарылышы үчүн жоопту адам болуп саналат;
- ҮП-2030 баалуулуктарын колдонот жана башкалар, өзгөчө жаштар менен ачык, биргелешип жана бирдей шартта иштөөгө умтулат;
- Өнөктөштөрдү мобилизациялоого, консенсуска өбөлгө түзүүгө жана өз уюмдарынын эле эмес, алардын секторлорунун кеңири чөйрөсүнүн кызыкчылыктарын көрсөтүүгө жөндөмдүү өз секторунун ишенимдүү жана кадыр-барктуу өкүлү;
- Үй-бүлөнү пландаштыруунун жергиликтүү контекстинде, сексуалдык жана репродуктивдүү ден соолук жана укуктар маселелерин (саясат, стратегия, каржылоо ж.б.) жакшы билген, идеалдуу түрдө жергиликтүү/региондук жана глобалдык контекстте салыштырууларды жүргүзө алган адам;
- Координатор натыйжаны негизги көрсөткүч катары көрсөтүүсү зарыл. ҮП-2030 милдеттенмелеринин алкагында иштөө үчүн жеке салым катары.

**Жарандык уюмдар тарабынан координаторлордун профили:**

- Жеке адам эмес, уюмдун өкүлү гана боло алат. Ошондуктан, көрсөтүү жөнүндө уюм менен макулдашуу керек;
- Координаторлор жеке адамдар эмес, уюмдар, мекемелер, ассоциациялар, тармактар же коалициялар. Бирок, уюмдардын ар бир категориясы (КР ССМ, ЖКУдан жана жаштар уюмдарынан) практикалык жана материалдык-техникалык максаттар үчүн **бир негизги жана бир резервдик** байланыш адамын дайындайт. Негизги жана резервдик байланыш адамдары ар кандай уюмдардан болушу керек, ал эми негизги адам резервдик адамга бардык иш учурлары жөнүндө өз убагында билдирүүгө милдеттенет. Жумушчу жолугушууларга эки адам тең катыша алат. Кыргыз Республикасы тарабынан кабыл алынган ҮП-2030 милдеттенмелеринин аткарылышы үчүн жоопту адам Башкы координатор болуп саналат. Координаторлор кандайдыр бир себептерден улам алгач өкүлчүлүк үчүн тандалган уюмду/тармакты көрсөтпөсө, анда алар байланыштар тизмесинен чыгарылат;
- ҮП-2030 баалуулуктарын колдонот жана башкалар, өзгөчө фокус-топ менен ачык-айкын, биргелешип жана бирдей негизде иштөөгө умтулат;
- Өнөктөштөрдү мобилизациялоого, консенсуска өбөлгө түзүүгө жана өз уюмдарынын эле эмес, алардын секторлорунун кеңири чөйрөсүнүн кызыкчылыктарын көрсөтүүгө жөндөмдүү өз секторунун ишенимдүү жана кадыр-барктуу өкүлү;
- Үй-бүлөнү пландаштыруу, сексуалдык жана репродуктивдүү ден соолук жана укук маселелери (саясат, стратегия, каржылоо ж.б.), салыштыруу боюнча жергиликтүү контекстти жакшы билген адам дайындалат;
- ҮП-2030 милдеттенмелеринин алкагында иштөө үчүн жеке салым катары координатор негизги көрсөткүч катары жеке натыйжаны көрсөтүүсү зарыл;
- Мурунку циклде (ҮП-2030) кызмат өтөгөн жарандык коомдун координаторлору ушул билдирмелер конкурсуна катышууга укугу жок;

- Кызыккан мурунку координаторлор насаатчы болуп, үч айдан алты айга чейинки мөөнөткө жаңы координаторлорду жетектей алышат.

**Жаштар уюмдары тарабынан координаторлордун профили:**

- Жеке адам эмес, уюмдун өкүлү гана боло алат. Ошондуктан, көрсөтүү жөнүндө уюм менен макулдашуу керек;
- Координаторлор жеке адамдар эмес, уюмдар, мекемелер, ассоциациялар, тармактар же коалициялар. Бирок, уюмдардын ар бир категориясы (КР ССМ, ЖКУдан жана жаштар уюмдарынан) практикалык жана материалдык-техникалык максаттар үчүн **бир негизги жана бир резервдик** байланыш адамын дайындайт. Негизги жана резервдик байланыш адамдары ар кандай уюмдардан болушу керек, ал эми негизги адам резервдик адамга бардык иш учурлары жөнүндө өз убагында билдирүүгө милдеттенет. Жумушчу жолугушууларга эки адам тең катыша алат. Кыргыз Республикасы тарабынан кабыл алынган ҮП-2030 милдеттенмелеринин аткарылышы үчүн жооптуу адам Башкы координатор болуп саналат. Координаторлор кандайдыр бир себептерден улам алгач өкүлчүлүк үчүн тандалган уюмду/тармакты көрсөтпөсө, анда алар байланыштар тизмесинен чыгарылат;
- Жаштардын концепциясы: Жаштар уюмдары, тармактары же коалициялары болушу керек жана алардын өкүлүнүн жашы 25 жаштан ашпашы керек;
- ҮП-2030 баалуулуктарын үйрөнүү жана башкалар, өзгөчө жаштар менен ачык, биргелешип жана бирдей шартта иштөөгө умтулуу;
- Өзүнүн секторунун ишенимдүү жана кадыр-барктуу өкүлү, өнөктөштөрдү мобилизациялоого, консенсуска көмөктөшүүгө жана өз уюмдарынын эле эмес, алардын секторлорунун кеңири чөйрөсүнүн кызыкчылыктарын коргой алган адам болуш керек;
- Жергиликтүү контекстте үй-бүлөнү пландаштыруу, сексуалдык жана репродуктивдүү ден соолук жана укук маселелерин (саясат, стратегия, каржылоо ж.б.) салыштыруу боюнча жакшы билген адам болуш керек;
- Координатор натыйжаны негизги көрсөткүч катары көрсөтүүсү зарыл. ҮП-2030 милдеттенмелеринин алкагында иштөө үчүн жеке салым катары;
- Акыркы 3 (үч) жылдын ичинде мурунку циклде (ҮП-2030) кызмат өтөгөн жаштар координаторлору бул билдирмелер конкурсуна катышууга укугу жок;
- Кызыккан мурдагы жаштар координаторлору насаатчы катары иштей алышат жана үч айдан алты айга чейинки мөөнөткө жаңы координаторлорду жетектей алышат.

**Убакыт милдеттенмеси (координаторлор катары катышуу мөөнөтү):**

КР ССМинин координаторлору, жаштар уюмдары жана жарандык коом уюмдары координаторлору үчүн бул ролго катышуу үчүн жол берилген убакыт ҮП-2030 боюнча өлкө тарабынан кабыл алынган милдеттенмелердин аткаруунун башталышынан аягына чейинки мөөнөт болуп саналат.

4-тиркеме
КР ССМнын
«___» __________ 2023-ж.
№____буйругуна

“Үй-бүлөнү пландоо 2030” Консультативдик кеңештин отурумунун

**ПРОГРАММАСЫ**

Датасы:

Убактысы: 9:00 – 13:30

Жайгашкан жери: конференция залы

| Время | Мероприятие | Докладчик |
|---|---|---|
| 9:00<br>9:30 | Катышуучуларды каттоо. Кофе-брейк. | |
| | | Модератор: **Бозгорпоева Бактыгуль** |
| 9:30<br>9:45 | **Кириш сөз**<br>(жалпысынан Кыргыз Республикасындагы ҮП2030 жөнүндө) | КР ССМнин МЖУжДСБнын начальниги **Ибраева Нургуль Сапаркуловна**<br><br>**Сманкулова Нургуль**<br>Бириккен Улуттар Уюмунун Кыргыз Республикасынын Калк жайгаштыруу Фондунун (ЮНФПА) Сексуалдык репродуктивдик ден соолук боюнча программасынын улуттук талдоочусу |
| 9:45<br>10:00 | Планирования семьи 2030 | **Асылбашева Раиса Бейшеналиевна**<br>КР ССМнин МЖУжДСБнын башкы адиси |
| 10:00<br>10:30 | "Үй-бүлөнү пландоо 2030". Үй-бүлөнү пландоо боюнча Консультативдик кеңеш. | Орозакунов Айбек,<br>Консультант по РЗ, ЮНФПА КР |
| 10:30<br>10:50 | 2030-жылга чейин жогорку медициналык жана социалдык тобокелдик топторундагы аялдардын 70%нын муктаждыктарын канааттандыруу үчүн мамлекеттик каржылоону акырындык менен көбөйтүү боюнча 7 жылдык пландын бет ачары. | **Максутова Эльмира**, Кыргыз Республикасындагы “ҮП2020” улуттук координатору, КР ССМнын ЭжБКУБнын “Нике жана үй-бүлө” Үй-бүлөнү пландаштыруу борборунун башчысы<br><br>**Сатыбеков Бакыт**, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик каржылоо жана бюджеттик пландоо боюнча эксперти |
| 10:50<br>11:10 | Суроолор жана жооптор | Модератор: **Бозгорпоева Бактыгуль** |

| | | |
|---|---|---|
| 11:10<br>11:30 | Контрацевтив каражаттарын жеткирүү чынжырын башкаруу боюнча долбоордун бет ачары | **Сманкулова Нургуль**<br>Бириккен Улуттар Уюмунун Кыргыз Республикасынын Калк жайгаштыруу Фондунун (ЮНФПА) Сексуалдык репродуктивдик ден соолук боюнча программасынын улуттук талдоочусу |
| 11:30<br>11:50 | Суроолор жана жооптор | Модератор: **Бозгорпоева Бактыгуль** |
| 11:50<br>12:10 | Контрацептивдик каражаттарды жеткирүү чынжырын башкаруу боюнча иш-чаралардын планы | **Бозгорпоева Бактыгуль,** ҮП2030 Кыргыз Республикасынын жарандык секторунун координатору, "Үй-бүлөнү пландаштыруу кыргыз альянсы" коомдук уюмунун директору |
| 12:10<br>12:30 | Түшкү тамак | |
| 13:30<br>14:00 | Отчеттуулук маселелери | **Сманкулова Нургуль**<br>Бириккен Улуттар Уюмунун Кыргыз Республикасынын Калк жайгаштыруу Фондунун (ЮНФПА) Сексуалдык репродуктивдик ден соолук боюнча программасынын улуттук талдоочусу |
| 14:00<br>15:30 | Отчеттуулукту талкуулоочу үч топ | Топтордо иштөө |
| 15:30<br>16:30 | 2023-жылга (экинчи жарымы) жана 2024-жылга карата кийинки кадамдар жана отчеттуулук боюнча бет ачар | Модератор: **Бозгорпоева Бактыгуль** |